*Назаров А.*

# ФЕРГАНА ТҮРКТӨРҮНҮН СӨӨК КОЮУ ЖӨРӨЛГӨСҮНДӨГҮ ШАМАНИЗМДИН ИЗДЕРИ (XX-XXI КК.)

*Назаров А.*

# ЭЛЕМЕНТЫ ШАМАНИЗМА В ПОГРЕБАЛЬНОМ ОБРЯДЕ ФЕРГАНСКИХ ТЮРКОВ (XX-XXI ВВ.)

*A. Nazarov*

# ELEMENTS OF SHAMANISM IN THE FUNERAL RITE OF THE FERGANA TURKS (THE XX-XXI CENTURIES)

*УДК: 485: 4.342/45*

*Макалада Фергана аймагында жашаган түрктөр тууралуу маалымат берилген. Түрктөр бүгүнкү Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстандын юрисдикцияларына кирип калган Фергана өрөөнүнүн түпкү калктарынын бири. Байыркы түрктөрдүн каада-салт жана жөрөлгөлөрүн сактап келген түрктөр тилекке каршы, XX к. 20-30 жж. жүргүзүлгөн эл каттоолордо өз алдынча этнос катары көрсөтүлгөн эмес. Бул өз учурунун өтө чоң жаңылыш саясаттарынан болгон. Натыйжада, Совет доорунда, андан кийинки шарттарда түрк этносунун (этнографиялык топтор) өкүлдөрү өзбек, кыргыз, тажиктердин курамына жуурулушуу процесси жүрүүдө. Ошого карабастан фаргоналык түрктөрдүн каада-салттарында, үрп-адаттарында айрым өзгөчөлүктөр сакталып келүүдө. Түрктөрдүн сөөк коюу жөрөлгөлөрүндө байыркы дин болгон шаманизмдин айрым элементтерин байкоого болот. Макалада адамдын бул дүйнө менен коштошуусу, сөөктүн жуулушу, кепинделүүсү, көңүл айтуу, өлгөн адамга арналган ашы, аза күтүү сыяктуу салттар изилденген. Ошону менен бирге, сөөк коюу салтындагы шаманчылык жана ислам дининин жөрөлгөлөрүнүн өз ара катышуусу каралат.*

***Негизги сөздөр:*** *Фергана түрктөрү, шаманчылык, сөөк коюу жөрөлгөсү, көңүл айтуу, аза күтүү.*

*Данная статья посвящена одному из древних этносов Средней Азии – ферганским тюркам. Этнические группы (этнографические группы) тюрков проживают в Ферганской долине и сопредельных территориях, нынче находящиеся под юрисдикцией Кыргызстана, Узбекистана и Республики Таджикистан. К сожалению, в результатах проведенных переписью населения и национально-территориальных размежеваний в Средней Азии в 20-30 гг. XX в. древное местное население тюрки не указывались как самостоятельный этнос. В результате, после политики национально-территориальных размежеваний и национальной политики большевиков тюрки влились в состав кыргызов, таджиков, в особенности узбеков. Тюрки почти потеряли свою национальную идентичность, язык и культуры. Несмотря на этнические и культурные процессы ферганские тюрки сохранили некоторые черты самобытной культуры, в особенности в погребальной культуре и связанные с ними ритуалах. В погребальных ритуалах тюрков сохранились элементы шаманизма. В статье исследуется предсмертное состояние человека, омовение, соболезнование родным, ритуальные кушанья и другие обряды. Кроме того, приводяться параллели в погребальной обрядности элементы шаманизма и влияние исламской культуры.*

***Ключевые слова:*** *Ферганские тюрки, шаманизм, погребальные обряды, соболезнование, оплакивание.*

*This article is devoted to one of the ancient ethnoses of Central Asia - the Fergani Turks. Ethnic groups (ethnographic groups) of the Turks live in the Fergana Valley and adjacent territories, now under the jurisdiction of Kyrgyzstan, Uzbekistan and the Republic of Tajikistan. Unfortunately, in the results of the census conducted population and national-territorial delimitation in Central Asia in the 20-30's. XX century. the ancient local population of the Turks were not mentioned as an independent ethnos. As a result, after the policy of national-territorial delimitation and the national policy of the Bolsheviks, the Turks joined the Kyrgyz, Tajiks, especially the Uzbeks. The Turks almost lost their national identity, language and culture. Despite ethnic and cultural processes, the Fergani Turks have preserved certain features of a distinctive culture, especially in funeral culture and associated rituals. In the funeral rituals of the Türks, elements of shamanism were preserved. The article deals with the dying state of a person, ablution, condolences to relatives, ritual dishes and other rituals. In addition, there are parallels in funeral ritual elements of shamanism and the influence of Islamic culture.*

***Key words:*** *Ferghana, Turks, shamanism, funeral rite, condolences, mourning.*

Фергана түрктөрү Фергана аймагында жашаган жана өздөрүн түрк деп билген коомчулук. Советтер Союзу курулгандан баштап өздөрүн түрк деп эсептеген бул коомчулук, бөлүнгөн жана түрдүү түрк урууларынын аты менен курулган мамлекеттерде калган. Фергана өрөөнү деп билинген аймак бүгүн, Өзбекстан, Кыргызстан, Тажикстан, Афганистан сыяктуу мамлекеттерди өз ичине камтыйт. Бул коомчулук жөнүндө Советтер Союзу тушунда сейрек изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Мисалы, М.Ф. Гаврилов, 1929-ж. алып барган этнографиялык изилдөөсүнүн натыйжасында Оро-Төбө аймагындагы түрктөр аттуу макаласын жазган. Макалада региондогу Түрктөрдүн Оро-Төбө өрөөнүндө жана Фергана аймагында жашагандыгын белгилеген. Фергана аймагында 1924-ж. эл каттоодо алардын саны 24.279 болгондугу аныкталган. 1920-ж. түрктөрдүн көпчүлүк бөлүгү Анжиян облусунун Мархамат районунда жана Кыргызстандын Ош облусунун Араван районунда жашагандыгы аныкталган [7, 3-33-бб.]. Белгилүү этнограф Б.Х.

Кармышева болсо өзбектердин арасында этникалык тайпа катары жашаган Түрк тайпасынын этнографиясын изилдеген макаласында да бул аймакта жашаган түрктөрдүн этникалык түзүлүшү, маданияты жана жашаган аймактарын изилдеген [6, 3-22-бб.]. Советтер Союзунун аймакты улуттук мамлекеттер катары улуттук чек араларга бөлүүнүн натыйжасында ар кайсы өлкөлөрдүн ичинде жашоого мажбурланган бул коомчулук учурда улуттук өздүк көйгөйүнө дуушар болууда. Мамлекети, өз тили болбогондугу үчүн бул коомдун маданияты жана тарыхы изилденген эмес. Мына ушул себептен, коомдун тарыхы, этникалык түзүлүшү жана маданияты терең изилденүүгө муктаж. Биз изилдөөбүздө бул этностун болжолдуу санын, улуттук жана диний жөрөлгөлөрүнүн ортого чыгышында шаманизмдин издерин текшерүүгө аракеттенебиз.

Түрктөр, талаа маданияты деген бир маданияттын чыныгы өкүлдөрү жана жаратуучулары. Бул маданият социалдык, экономикалык, коомдук контекст жана диний бир канча өзгөчөлүктөрдү камтыйт. Экономикалык жактан негизинен мал чарбачылыгына таянган, уюштурууучулук жөндөмүнө, аскердик талаптар жана жабдууларга ээ болгон Түрктөр, талааларда улуу мамлекеттер түптөгөн. Диний жашоолору болсо асырсе бай түзүлүшкө ээ. Ар түрдүү дин жана маданият чөйрөсүнө кирген Түрктөр, түрдүү заман жана географияда түрдүү өлүм түшүнүгүнө ээ болушкан. Булардын негизинде шаманизм, теңирчилик же болбосо салттуу түрк дини бар [2, 33-34-бб.]. Инсанды жашаткан күчтүн бардыгы, өлүмдүн көрүнүшү жана өлүмдөн кийинкисине таандык элестер жалгыз гана диний тажрыйбанын темасы эмес, жашоонун абдан көп бөлүмүнө таасир эткен көрүнүш. Мындан сырткары, бул элестер бир нече каада-салттардын ортого чыгуусуна түрткү болгон. Өлүмдүн соң эместигине жана рухтун өлбөс экендигине ишенген түрктөр, сөөк жана сөөктү коюу учурунда да бир канча салттуу иш-чараларды жүзөгө ашырат. Тарыхый агым ичинде түрдүү дин жана ишеним системасы элегинден өткөн түрктөр, бүгүн мусулман болгондугуна карабастан ислам дини менен бирге салттуу ишенимдерин да бирге аткарып келет.

Түрктөр ислам динин кабыл алгандан кийин да шаманизмдин айрым каада-салттарын улантышкандыгын көрүүгө болот. Исламда аза күтүү жана кошок айтуунун бир чеги болгондугуна карабастан түрк маданиятында шаман ишениминден келген бир канча элемент бар. Булар адам өткөн жерде кошок айтуу, кошок айтуу үчүн кошокчу жалдоо, көзү өткөн кишинин жубайынын чачын кыркуу сыяктуу көрүнүштөр жүз жылдардан бери уланып келүүдө. Бул мааниде Фергана Түрктөрүнүн өлүм түшүнүгүнө болгон сезим жана кыймыл аракеттерин ортого коюууга аракеттенебиз. Бул сезимдин же болбосо билдирүүнүн ортого чыгуусунда түшүнүктүн ичинде ишенимдерде шаманизмдин издерине көз салынат.

Сөөк коюу жана жаназа намазы үчүн оболу жакындарына “эшиттириш” же кабар берүүгө үй-бүлө жакындарындан бир киши тандалат жана жиберилет. Бул ада турмуштук ж.б. тажрыйбаларга ээ болуусу керек. Туугандык даражасына жана кабар бериле турган адамдын рухий абалына карай кабар берүүсү керек. Эл оозунда “эшиттириш” деп билинген бул салт, түрктөрдүн көчмөнчү жашоо шартына ылайыкташтырылгандыгы белгилүү. Себеби, мал чарбачылыгы менен алектенген түрктөрдүн аралык маанисинде бир бирине жакын жашоосу мүмкүн эмес. Өздөрүнө таандык конуш (жашаган аймагы) жана жайыт (үйүр жайылган жер) түшүнүгү болууга тийиш (информатор: Каримжанов, 2015-ж.) Андан соң бул каада салт, айылдар арасында же болбосо шаарлар, өлкөлөр арасында кабар берүү жана кабар берүүчү болуп уланып келет. Фергана түрктөрүнүн адатта сөөк бир күн коюулбастан күттүрүлөт. Кара аш (Сөөк күттүрүлгөн түн) тамагы аза күтүү дегенди туюнтат. “Кара” - кара түс символдук түрдө шаманизмде, унчукпоону, коркууну, караңгылыкты, жоготууну жана жашоонун токтогондугун айгинелейт. Мына ушул себептен, эл ишениминде каражылан, кара мышык жамандыктын жышааны болуп саналат. Каза болгон адамдын бир түн үйдө калуусу, алыстагы тууган жана жакындары, досторунун топтолуусу үчүн. Бул түнү “кошакчы” (кошокчу) келет жана көзү өткөн адамдын жакындарына анын тирүү кезинде аткарган жакшы иштеринен сөз кылып кошок айтат. Эркектер да тизе бүгүп олтуруп кошокту угушат. Кошок айтуунун максаты көзү өткөн адамдын жакындарынын рухундагы кайгыны азайтууга, ичинде сактабоого жардамчы болуу (информатор: Исаева, 2016-ж.). Кайгынын сөзгө төгүлүүсү катары кабыл этилген кошок, ишенимде көзү өткөндүн жакындарына психологиялык колдоо деп эсептелинет. Кээде инсан жакынын жоготкондо түрдүү психологиялык абалга дуушар болот. Мисалы, ыйлай албайт, сүйлөй албайт жана ой жүгүртө албайт. Мындай учурларда салттуу ишеним элементи болгон кошок айтуу, көзү өткөн адамдын жакындарына психологиялык колдоо катары мусулман фергана түрктөрүндө уланып келүүдө.

Көңүл айтууга жана жөрөлгөсүнө катышуу үчүн келген аялдар “көк кийдирүү” жөрөлгөсүн аткаруу үчүн өзү менен бирге көк түстүү кездеме алып келишет. Көк түс адатта жабык жана коюу түстөр үчүн колдонулат. Алып келинген кездемелерден аза көйнөктөрү тигилет. Көйнөк болушунча жөнөкөй болууга тийиш. Кайгы түстөрү кара болгондугуна карабастан түрдүү тарых беттеринде түрдүү түстөр колдо-

нулган. Кээде кызыл кээде жашыл болгон [3, 197-б.]. Аза күтүү түстөрү алмашса да аза күтүү түшүнүгү ар убак болгон. Бул кездемелер ыңгайлуу бир жерде тигилип, көзү өткөн адамдын аял жакындарына кийдирилген. Бул салт көк кийүү жөрөлгөсү деп саналат. Аза күтүү аялдар үчүн ферганалык түрктөрүндө бир жыл. Аза күтүү учурунда эч кандай оюн-зоок жана той-топурга барбайт, зыйнат такпайт, кийим кийүүдө көк түстөн башкасы колдонулбайт. Ал эми эркектер болсо маркумдун кыркына чейин сакал-мурутун албайт, той-топур жана оюн-зоокко барбайт. Бул эрежелер тегерегинде аза күтүлөт.

Фергана түрктөрүндө маркумду жуу үчүн суу алып келүүдө токтобостон жана жерге койбостон алып келүүсү шарт. Жерге коюлса ошол үйдө кайра өлүм болот деген ишеним жатат. Маркумду жуу үчүн жылытылган сууга кол салынбайт. Ашып калган суу узак бир жерге төгүлөт жана идиш терс көмкөрүлүп үстүнө ун сээп коюлат (информатор: Исаева, 2016-ж.) Ун ак, өмүр жана тазалыктын символу. Бул арекеттин негизинде өлүмдү бул үй-бүлөөдөн алыстатуу жана жамандыктарды кайра кайтаруу түшүнүгү жатат. Дагы ошол сыяктуу маркум үйдөн чыгарылып жатканда эшиктин босогосунда үч ирет көтөрүлүп коюлат жана табытты алгачкы жети кадамында көтөргөн адамдардын жашы улуу болушу керек (информатор: Исаева, 2016-ж.) Бул аракеттин максаты эшиктен кайра өлүмдүн кадам таштабоосу үмүт кылынат. Жашы улуу адамдардын табытты көтөрүүсү болсо өлүмдүн жалгыз гана жашы улууларга жараша тургандыгына болгон ишеним.

Маркумду көмүү учурунда ишеним негизинде баардык адам ага топурак салуусу керек. Маркумдун жакындарынан жашы кичүү болгондор көмүү жөрөлгөсүнө келгендерге таңгак түрүндөгү ак кездемени бир-бир айландырып чыгышат. Келгендер калима-и шахадатты окуп бир ууч топуракты ал таңгакка салышат. Топтолгон топурак маркумдун башына жаздык сыяктуу коюлат. Топурак салууда күрөк колдон колго берилбейт, жерге ташталат. Күрөктүн колдон колго берилүүсү көп өлүм алып келет деген түшүнүккө ээ (информатор: Каримжанов, 2015-ж.).

Маркумду жерге бергенден кийинки күнү (үчүнчү күн) жарыя кылынат жана маркумдун тууган, туушкан, жоро-жолдошу чогулат. Тамак жасалат дуалар кылынат. Үчү, жетиси, кыркы сыяктуу аземдерде маркумдун жакыны болгон аялдар бөлмөдө олтуруп ар бири кошок айтып ыйлашат. Келген аялдар да кошок айтып аза күткөн аялды кучактап ыйлайт. Кошок айтып ыйлоо Куран окулганда токтойт. Дасторкондо түрдүү тамак-аш жанында үч башка табак ичинде пахта, камыш жана май колдонулуп жасалган "чырак" жагылат. Куран окулат жана дуба кылынат. (информатор: Азимова, 2016-ж.) Ишеним боюнча бул маанилүү деп эсептелген күндөрдө маркумдун руху зыяратка келет. Жагылган чырак болсо анын кабыр жашоосуна жарыктык беререрине ишенилет. Өлүмдүн жетинчи күнү курмандык союлат жана алгачкы бейшембилик менен бирге жетиси жарыя кылынат. Тамактар желет, дуба окулат жана жети чырак жагылат. Бул жөрөлгөдөн кийин маркумдун кээ бир жакындары (кызы, бир тууганы, эжеси сыяктуу) маркум үйүнөн кетет. Ар Бейшемби күнү маркумду эскерүү үчүн чогулушат. Мүмкүнчүлүккө карай кыркына чейин ар бейшемби күндөрү тамак берилет.

Түрктөрдүн ишениминде 40 саны маанилүү. Алтай шамандарында инсандын өлүмүнөн 40 күн өткөндөн соң рухтун денеден толугу менен ажыралуусуна ишенилет. 40 күндө шаман өлгөн инсанды дарыянын жээгине таштап, агым менен бирге мурда өлгөндөрдүн алдына жиберет. Эгер бул 40 күндө жиберилбесе үйгө орношкон жаман рухтар инсандарга зыян берет [4, 84-б.]. Түрк дастандарында 40 саны абдан көп орун алган жана кырк жигит, кырк кыз түрүндө белгиленет. Манас дастаны жана Деде Коркут икаяларында да бар [5, 257-б.]. Бул ишеним тегерегинде ферганалык түрктөрү да маркумдун кырктыгында чоң азем өткөрөт. Курмандык союлат жана кырк чырак жагылат. Узак жакын тууган, жоро жолдош чакырылат. Чоң казанда кургатылган өрүктөн шербет жасалат жана келгендердин баарына таркатылат. Катым куран кылынат жана жашы улуу инсандарга өзүнчө тамак берилет (информатор: Азимова, 2016-ж.).

Түрктөрдө чырак-от ар убак ыйык жана арытуучу өзгөчөлүккө ээ. От өлүктү тазалайт жана анын акыретине жарыктык берет. Өрүк шербети болсо үй-бүлөнүн калган адамдарын таттуу, ширин өмүр сүрсүн деген маанисинде келгендерге сунулат. Бул жөрөлгөлөр менен бирге маркумдун элесине тамактар берилет жана эки айт жана жылдыгынан кийин бир айт маркум элесине тамактар берилет жана Куран окулат. Фергана Түрктөрүндө Орозо жана Курман Айт күндөрү арапасында "чөзма" деп аталган камыр тамагы даярдалып өткөндөргө дуба кылынат. Кошуналарга таркатылат. Чырак жагылат жана кыбыла тарапка коюлат. Маркумдун руху келет деп күтүшөт. Дененин жок болгондугуна бирок рухтун жашагандыгына ишенилет жана бул ишеним негизинде рухка урмат сый көрсөтүү үчүн түрдүү жөрөлгөлөр иштелип чыккан.

Маркумдун өлүм жылдыгында аза күткөн аялдарды азадан чыгаруу аземине "ак кийди" аземи деп аталат. Ак салттуу ишенимде жана шаманизмге көрө жакшылыктын символу. Ак кийди аземинде маркумдун жылдыгы белгиленип, келгендерге тамак берилгенден кийин тууган жана жоро жолдоштор бир бөлмөдө чогулушат. Аза күткөн аялдар олтурушат жана

келген тууган алардын үстүндөгү көк түстөгү көйнөктү чечип башынын үстүнөн өйдө аркага ыргытышат (информатор: Назарова, 2016-ж.) Бул көрүнүш мындан кийин жашооң ак болсун, жакшылык болсун дегенди туюнтат. Аркага ыргытуу болсо аза жана өлүмдү артта калгандыгын айгинелейт. Жакындык даражасына карай келген коноктор көйнөк, зер буюму белекке алып келип аза күткөн аялдын көңүлүн алышат. Маркумдун эң кичүү кызы аза кийимин чечкенден кийин кийген ак көйнөгүнүн этегине кант шириндик салып, аземге келгендердин баарына таркатып чыгат. Кант - таттуулук, жакшылык символу жана келгендердин баары бул үй-бүлөнүн кайра өлүм сыяктуу жамандык көрбөөсү үчүн дуба кылат. Натыйжада, ислам динин кабыл эткен фергана түрктөрү, исламдан мурдагы ишеним жана жөрөлгөлөрүн ислам менен бирге аралаштырып, маданият катары ушул убакка чейин колдонуп келишет. Бул жерде белгилеп кетүүчү жагдай, өтмүштөн күнүбүзгө түрктөрдүн түрдүү диндерге ишенгенине карабастан ишеним жана каада-салт чөйрөсүндө аткарылган жөрөлгөлөрдүн элдин философиялык түшүнүгү тегерегинде логикалык мааниге ээ болгондугу.

**Адабияттар:**


1. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. - Бишкек, 2011.
2. Гунай, Унвер, Харун Гунгор. Турк дин тарыхы. Кайсери, 1998.
3. Инан Абдулкадир, Тарихте ве бугун шаманизм. - Анкара, 1954.
4. Потапов Л.П. Алтайский шаманизм. - М., 1991. - 234 с.
5. Мурат Ураз. Турк митоложиси. - Истанбул: Митология йайынлары, 1991.
6. Кармышева, Б.Х.Этнографическая группа “Тюрк” в составе Узбеков. Материалы и исследования по этнографии и антропологии СССР. - №4. - 1960. - С. 3-22.
7. Гаврилов М.Ф. Материалы к этнографии тюрок Ура-Тюбинского района, Труды Среднеазиатского государственного университета, Ориентала Журналы 2. - Ташкент, 1929. - С. 3-23.


**Информаторлор:**

1. Азимова Этибар, 1958-ж туулган, уруусу дувдан, Кайрат айылы, Өзгөн району.
2. Исаева Хава, 1940-ж. туулган, уруусу кува-калмак, Кайрат айылы, Өзгөн району.
3. Назарова Мукарам, 1960-ж. туулган, уруусу кува-калмак, Кайрат айылы, Өзгөн району.
4. Каримжанов Сабиржан, 1948-ж. туулган, уруусу каллар, Балагновещенка айылы, Сузак району.

**Рецензент: к.и.н. Абдикеримов А.Ш.**